## ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

УДК:398
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-3-8

**Айталиева Толкун Кундузбековна**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Айталиевна Толкун Кундузбековна**
Таласский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент
**Aitalieva Tolkun Kunduzbekovna**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor

# Ш.АЗИЗОВДУН ВАРИАНТЫНДАГЫ “ЧОҢ КАЗАТ” ЭПИЗОДУНУН СҮРӨТТӨЛҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
# ОСОБЕННОСТИ ОПИСАНИЯ ЭПИЗОДА "ВЕЛИКИЙ ПОХОД" В ВАРИАНТЕ Ш.АЗИЗОВА
# THE DISTINGUISHING CHARACTERISTICS OF DESCRIBING THE EPISODE THE GREAT CAMPAIGN' IN SH.AZIZOV'S VERSION

**Кыскача мүнөздөмө.** Ш.Азизов Ысык-Көлдөн чыккан белгилүү манасчылардын бири. Манасчыдан манас таануучу, ф.и.д., профессор Ж.К.Орозобекова “Манас” үчилтигин магнитофондук тасмага жаздырып алып, аны кайрадан кагаз бетине жазып, иреттеп, китеп кылып басмадан чыгарууга даярдаган. Басмадан жарыкка чыккан китептин баш сөзүндө манасчы жана анын чыгармачылыгы, текстти жазып алуу кандайча жүргүзүлгөндүгү тууралуу толук маалымат берген. Ш.Азизовдун вариантынын башка варианттардан бир топ айырмалуу жактары бар. Улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевде сюжеттин өнүгүшүндө ар бир эпизод кеңири сүрөттөлүп берилген болсо, Ш.Азизовдо “Чоң казат” эпизодунан башкасы салыштырмалуу түрдө кыскача сүрөттөлүп берилгенин көрүүгө болот. “Чоң казат” эпизоду “Манас” эпосундагы өзөк окуялардан экенине окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө токтолуп жүрүшөт. Эпостун жаралышына өзөк болгон бул эпизоддо кайсы доорлордун белгилери сакталганына изилдөө жүргүзүү да манас таануу илиминдеги негизги маселелердин бири.

**Аннотация.** Ш.Азизов – один из известных Иссык-Кульских сказителей. Из его уст манасовед, доктор филологических наук, профессор Ж.К.Орозобекова записав на магнитофон трилогию «Манас», переписала ее на бумагу, аранжировала, подготовила к изданию в виде книги, и предоставила подробную информацию о том, как транскрибировался текст. Вариант Ш.Азизова во многом отличается от других вариантов. Если великие манасчи С. Орозбаков и С. Каралаев подробно описывают каждый эпизод в развитии сюжета, то можно заметить, что у Ш. Азизова, кроме эпизода «Великий поход», остальные эпизоды описаны относительно кратко. В своих исследованиях ученые подчеркивают, что эпизод «Великий поход » описывает один из ключевых событий в эпосе «Манас». На сегодняшний день основными вопросами в науке об эпосе Манас является изучение того, какие эпохи сохранились в этом эпизоде, и что является ключом к его созданию.

**Abstract.** Sh. Azizov is one of the famous storytellers of Issyk-Kul. Manasologist, candidate of philosophical sciences, professor Zh. K. Orozobekova recorded on a tape recorder the trilogy "Manas" from his mouth, transcribed it on paper, arranged it, prepared it for publication in the form of a book, and provided detailed information on how the text was transcribed. Sh. Azizov's version differs in many ways from other versions. If the great Manaschis S. Orozbakov and S. Karalaev describe in detail each episode in the development of the plot, it can be noted that, except for the episode "Chon Kazat," the other episodes are described relatively briefly by Sh. Azizov. In their research, scientists emphasize that the episode "Chon Kazat" is one of the key events in the epic "Manas." To date, the main questions in the science of the epic Manas are the study of which epochs are preserved in this episode and what is the key to its creation.

**Негизги сөздөр:** Чоң казат, эпизод, вариант, тарыхый окуя, кытай тарыхы,кыргыз каганаты, миф, Азия тарыхы, хундар.

**Ключевые слова:** Чон казат, эпизод, версия, историческое событие, китайская история, кыргызское ханство, миф, азиатская история, гунны.

**Keywords:** Chon Kazat, episode, version, historical event, Chinese history, Kyrgyz Khanate, myth, Asian history, Huns.

“Манас” эпосунда “Чоң казат” эпизоду негизги эпизоддордун бири. “Манас” үчилтигинин “Манас” бөлүмүнүн жыйынтыктоочу бөлүгү. Белгилүү адабиятчы О.Айтымбетов: «Эпостун бардык вариантарында эпикалык душман-кытай (Бээжин). Биз Азия тарыхын изилдегенде, ири алды менен ошол кытай тарыхын, анын бүгүнкүсүн жана өткөндөгүсүн абдан жакшы билишибиз керек. Антмейин, «Манас» бизге өз купуясын эч качан ачпайт» - деген.[1] Ал өз изилдөөсүндө «Манастын» пайда болуу доорун аныктоодо «Чоң казат» эпизодуна өзгөчө көңүл буруу керек экендигин айтат да, Азия тарыхын изилдеп көрүп «Чоң казаттын» качан болгондугун изилдөөгө алган. Чыгыш таануучу, окумуштуу Н.Я. Бичуриндин эмгегинде мындайча жазылган экен. «Ушул кезде Сюй И. пристав Чень Ля…Батыш край (Сзиньзян) бунтка өтө жакын калды, а хунндар чоң казатка(чабуулга) даярданып жатканын көрүштү да сактанып калышты. Кытай кызматчылары, аскер башчылары, князьдары өз ара кеңешишип, мындай чечимге келишет, Батыш крайдын ээлиги көтөрүлүш чыгарганы турат. Хундар чоң казат кылууга даярданып атышат жана бизди сөзсүз өлүм күтүп турат, андан көрө приставды өлтүрүп, аскерлери биз менен хунндарга багынып бергенибиз жакшы деп бүтүм чыгарышат. Хунндар Кытайдын түндүк жактарына чоң казат кылды… Ошентип Кытай өзүнүн 50 ээлигинен ажырады. Мына бул-Чоң Казат!.. Чоң казат жөнүндөгү байыркы кытай санжырасындагы куну чексиз кабарлар!”-деп жазат О.Айтымбетов. Хундардын башчысына жазылган катта: «Асман менен жерден бүткөн, Күн менен Айдын тиреги Хунндардын Улуу Шаньюйу» деп башталат. Бул сөздөр менен өтө окшош саптар «Манас» эпосунда бар экени бардыгына маалым. Асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй, айың менен күнүңдүн, бир өзүнөн бүткөндөй. О.Айтымбетовдун көз карашы боюнча хундардын кол башчысы Моде Шаньюй Манастын прототиби болгон. Автордун “Улуу баатыр баяны” аттуу эмгеги кыргыздардын өз тарыхындагы урунтуу учурлар тууралуу маалыматтарды алууда кытай тарыхына кайрылуу зарылдыгын шарттайт. Бүгүнкү күндө кыргыз тарыхчылары бул багытта олуттуу иш алып барышууда.

Ф.и.д.,профессор К.Б.Калчакеев өзүнүн “Манас” эпосундагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү” аттуу монографиялык эмгегинде “Чоң казат”

эпизодун "Манас" эпосундагы конфликттин кульминациялык чеги деп жыйынтык чыгарган. Окумуштуу "Чоң казат" эпизоду эпостогу эң негизги эпизоддордун бири экенине токтолуп, эпостогу каармандардын образдары ар тараптан ачылганына жана алар жөнүндө кеңири маалымат алууга мүмкүнчүлүк түзүлөрүн белгилейт.[2]К.Б.Калчакеев өз изилдөөсүндө белгилүү манасчылар С.Орозбаковдун, С.Каралаевдин, Ж.Мамайдын, Тоголок Молдонун варианттарынын негизинде жүргүзгөн. Эпостогу "Чоң казат" эпизоду тууралуу: "Бул бөлүмсүз эпостун жалпы сюжеттик-композициялык нугун толук кандуу чыгарма катары элестетүү кыйын. "Чоң казатты" ошондуктан бардык манасчылар кастарлап айтышкан."-деген пикирин билдирет. Окумуштуунун пикири жүйөлүү.

Айрым адабиятчылар, жазуучулар алардын ичинде белгилүү драматург М.Байжиев: "Чоң казат" адилетсиз согуш, агрессордук согуш болгон. Тынч жаткан кытай элине кыргыздар баскынчылык согуш башташкан. Натыйжада, Манас баатыр өзү жарадар болуп, алган жаратынан айыкпай көз жумду. Аккуласы окко учуп, кырк чоросунун эң көрүнүктүүлөрү Алмамбет, Сыргак, Чубактар окко учту. Ким биринчи баскынчылык саясат жүргүзсө, ал жеңилет."-деген оюн билдирет. Өткөн доор, жоокерчилик заман күчтүүсү күчсүзүнө зомбулук көрсөткөн заман болгон. Манастын ата-бабаларына да кытайлар зордук көрсөтүшүп, кыргыздарды туш тарапка чачыратып жиберишкенде, жүрөктөрүндө намыстары өчпөгөн эл, өздөрүнүн элдигин сактап калуу үчүн далалат кылышкан, келечектен үмүт үзүшкөн эмес. "Чоң казатта" кыргыздар ата-бабасынын өчүн алабыз деген ой менен баскынчылык саясат жүргүзүшкөн. Бүгүнкү цивилизациялык доордо жашап жаткан мезгилде, ар бир өлкө өзүнүн мамлекеттүүлүгүн сактап, коңшу мамлекеттер менен ынтымакта, шериктештикте жашоосу керек деп ойлойм.

Ш. Азизовдун вариантында "Чоң казат" эпизоду окуялардын баяндалышы боюнча С.Орозбаков, С.Каралаевдин вариантына салыштырмалуу кыскача сүрөттөлүп берилген жана айырмалуу жактары бар экенин байкоого болот. Манасчынын вариантында Көкөтөйдүн ашы өткөндөн кийин, Манас өзүнүн Кең-Колдогу ордосунда кеңеш курат. Кеңешке "Алты канды алдырган,...Жети кан элин алдырган" деп сүрөттөйт. Алар менен кеңешип, кайра жөнөтүп жиберет.[3] Эпостун классикалык варианттарында алты кандын чатагы кеңири сүрөттөлүп берилет. Көкөтөйдүн ашында Манаска наараазы болгон кандар өз ара кеңешишип, биз дагы Манас менен тең атабыз, бизди наараазы кылгандыгы үчүн өчүбүздү алабыз дешип, Кошойго кайрылышканда, ал аларды "Аш бүтсүн андан кийин өзүм баш болуп, Манастан өчүңөрдү алып берем" -деп токтотсо, Ш.Азизовдун вариантында алты кандын чатагы тууралуу окуя кездешпейт. Бул окуянын айтылбаганына байланыштуу, Манас баатырдын Бээжинге сан түмөн кол менен аттанганы тууралуу окуя да айтылбайт. Себеби, башка варианттарда чоң казатка аттанганда Башкы каармандын аскерлеринин көпчүлүк бөлүгүн, алты кандын жер жайнаган аскерлери түзгөн.

Манас кеңешүү үчүн жанына Кошойду, Бакайды чакырат. Көкөтөйдүн ашында кара манжуу кытайдын чатак салып кеткени эсиңерде барбы?- деп сурайт. Бакай : "Эмне кылсаң өзүң бил баатыр."-деп айтканда, Манас мындай деп жооп берет:

Бээжин кылым кара шаар,
Өзүм жалгыз барамын.

Жогорудагы ыр саптарынан көрүнүп тургандай, Манас баатыр Бээжинге чоң казатка жанына Алмамбет, Сыргак, Чубакты алып аттанат. Манасчынын вариантындагы баатырлардын казаты өтө эле жөнөкөйлөштүрүлүп берилген деп айтууга болот. Үчилтиктин

экинчи бөлүгү Семетейдин ата кунун алыш үчүн Бээжинге эки чоросун, Бакайды алып аттанганына жакын сүрөттөлгөн деп айтууга болот. Ш. Азизовдо Алмамбет менен Сыргак чалгынга бара турган болгондо, аларга Каныкей гүлазыктарын камдап, зоот кийим тиктирип берет. Классикалык варианттардагы “Каныкейдин сарамжалы” деген бөлүм да кыскача баяндалган. Чубактын ордо ойноп жаткан учурунда Кыргылчалдын “Кытайга тең болбой калдың”- деп ардантканы, ачууланган Чубактын Манастын сарайына келип ачууланганы, Каныкейди сен бузукучулук кылдың деп ачууланганы, болуп жаткан окуяларды байкап турган Манастын Чубакты тыйганы сүрөттөлүп берилген. Манас Чубакты жанына алып, чалгынга кеткендердин артынан жөнөшөт. Алмамбет Чубактын келерин билет да, Сыргакка алдын - ала айтат. Ал келгенче эс алып жата туралы деп чечим чыгарышат. Манас менен Чубак аларды таап келишет. Чубак Алмамбетке ачууланып, ачуу сөздөрүн айтып, арданган Алмамбет аны камчы менен чокуга чаап экөө жаңжалдашып жатканда, Сыргак арачыга түшүп, экөөнүн урушун токтотот. Чубак өзүнүн жаңылганын түшүнөт. Баатырлар элдешишип, андан ары жолдорун улашат. Ш.Азизовдун вариантында андан ары окуянын өнүгүшүндө “Төрт баатырдын Үйөгүз дайраны кечиши”, “Тал чокунун көрүнүшү”, “Алмамбеттин жомогу”, “Алмамбетке ат коюлушу”, “Алмамбет менен Сыргактын жол чалганы”, “Алмамбет, Сыргактын чет Бээжинден жылкы тийгени. Коңурбадын куугун түшкөнү”, “Алмамбеттин аскер башчы болушу”, “Макел дөөнүн өлтүрүлүшү”, “Чоң казат”, “Эсенкан менен Коңурбай Шүүтүгүндү алдырып кеңеш кургану” аттуу окуялардан турат.[4]

Ш.Азизовдун вариантында баатыр аял Ороңгу Музкиндиктин зайыбы Оругур делип берилет. Эпостогу башка каармандардын аталышында да бир нече айырмачылыктар бар. Варианттагы жер-суу аталыштарына да изилдөө жүргүзүү зарылдыгын көрүүгө болот.

Мисалы:

Катагандын көп элин,
Көрбөгөнүң канча -деп, Лена суусун бойлотуп - деген саптар бар. Вариантта Лена суусу жөнүндө бир нече жолу кездешет да, катаган уруусу менен Лена суусунун кандай байланышы бар экендиги кызыгууну жаратат. Жер-суу аталыштары жана аларга байланышкан маалыматтарды терең изилдөө зарыл экени байкалат.

Окумуштуулар “Манас” эпосунун варианттары боюнча изилдөө жүргүзүшкөндө, варианттарда салттуулуктун сакталышына, окуялардын толук баяндалышына, каармандардын образдарынын ачылышына талдоо жүргүзүшүп, чыгарманын мыкты деңгээлде аткарылуусу, манасчынын талантынын күчтүүлүгүнө, дүйнө таанымынын кеңирилигине байланыштуу боло турганын айтып жүрүшөт. Ш.Азизовдун вариантынын сюжеттик курулушу, образдарынын ачылышы, улуу манасчылар С.Орозбаков, С.Каралаевдерден айырмалуу болгону менен, Чоюкедей алп манасчынын жолун улаган манасчынын варианты да өзүнчөлүккө ээ экендигин байкоого болот.

Манасчы кыргыздардын өткөн доорун даңазалап, жандуу аткарган өнөр ээси. Агыны катуу дайрадай ашып-ташып эпосту аткарып жаткан манасычыларга кудай өзү шык берген. Болбосо эпосту аткаруу ар бир эле адамдын колунан келе турган иш эмес.

Ш.Азизовдун вариантында көркөм сөз каражаттары бардык варианттар сыяктуу эле кеңири колдонулат. Троптун түрлөрү: эпитет, салыштыруу, метафора, метонимия, гиперболанын колдонулушуна төмөндө мисалдарды келтиребиз.

...Кечээ кылдан кылган кыягым,
Өлөрдө көргөн туягым,

Өткүр аяр чунагым. Ыр саптарындагы “кыягым”, “чунагым” деген сөздөр метафоралар болсо, туягым деген сөз синекдоха катары колдонулат.
Баатырларга карата колдонулган метафораларга мисал келтирсек алардын көбүнчө башкы каармандарга карата колдонулган эпитет биринчи айтылып, андан кийин метафоралардын келгенин байкайбыз. Төмөнкү саптарда “көк жалың”, “арстаның” деген сөздөр да метафоралар болуп саналат.

Кабылан Манас **көк жалың...**
Ошондо Алмаң **көк жалың...**
Ээ**, арстаным**, **-** деп айтты,
Сөзгө конок бериңиз.

Баатыр Манас **арстаның,**
Телкунандай телчитип
...

Ш.Азизовдун вариантындагы колдонулган салыштыруулардын айрымдарын мисалга келтирсек:
**Алгыр куштай** шаңданып.
Ошол кезде Каныкей,
Солкулдап **тал чыбыктай,**
Он бештеги кезинде,
Сымбаты бар **кашыктай.**..Каныкейди сүрөттөгөндө тал чыбыкка, кашыкка салыштырса, Манас баатырды Ала-Тоого, ачык күнгө, очогордун ойногонуна салыштырган. Каармандарды, тулпарларды, жер-сууну сүрөттөөдө да манасчы салыштыруунун көптөгөн түрлөрүн колдонгон.

Кабылан Манас баатырың,
**Ала-Тоодой** заңкайып, ...
**Күн тийгендей** көрүнүп,

**Очогор ойноп койгондой**...

Манасчынын вариантындагы колдонулган көркөм сөз каражаттарынын баарын бир макалада изилдеп чыгууга мүмкүн эмес. Ошондуктан, алардын айрымдарына гана учкай токтолдук.

Элдик оозеки чыгармачылыктын лирикалык жанрында кеңири колдонулган синтаксистик параллелизмдин да үлгүлөрү манасчынын вариантында кеңири колдонулат. Алсак, баатырлардын согушка аттануусу төмөкүчө сүрөттөлүп берилет:

Ак асаба туу менен,
Ач айкырык чуу менен.

**Көк асаба туу менен,**
**Көп айкырык чуу менен.**

Убакыт менен байланышкан синтаксистик параллелизм:
Күн эсебин алганда, Күндү катка салганда,
**Ай эсебин алганда, Айды катка салганда**
Кыймыл-аракет менен байланышкан синтаксистик параллелизм:
Ошондо энең Каныкей
Оң тизеси бүгүлүп,
Олбуй басып жүгүнүп,
**Сол тизеси бүгүлүп,**
**Солбуй басып жүгүнүп.**

Синтаксистик параллелизмге мисал келтирилген жогорудагы ыр саптары вариантта ар кандай кырдаалдарда кеңири колдонула турганын байкоого болот. Ш.Азизовдун вариантында синтаксистик паллелизмдер абдан көп колдонулганын байкоого болот.

Манасчы Ш.Азизовдун вариантындагы "Чоң казат" эпизоду окуяларынын баяндалышы, образдарынын сүрөттөлүп берилиши, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу боюнча терең изилдөөнү талап кылган эпизоддордон деп айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айтымбетов О. Улуу баатыр баяны.Б.,1990
2."Манас" эпосундагы сюжеттин көрөңгөлүү салты жана анын ийкемдүү уланып өнүгүүсү. Б.,2016, 136-бет.
3.Азизов Ш.Манас.Б.,2013
4.Ошондо.407-бет
5.Абдылдаев Э. "Манас" эпосун изилдөөнүн айрым маселелери.Ф.,1966
6.Исаков Б.Айкөл Манастын улуу көчү.Б.,2018

УДК:801.1(575.2) (043.3)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-8-12

**Сатаева Г.С., Тагайкулова С.А.**
Талас мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандиаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Сатаева Г.С., Тагайкулова С.А.**
Таласский государственный университет, кандидат филологическх наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Sataeva G.S., Tagaykulova S.A.**
Talas State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Talas State University, master's student

# КЕЛЕЧЕКТЕГИ ЧЕТ ТИЛ МУГАЛИМИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШТЕРГЕ ДАЯРДОО ПРОЦЕССИНДЕ ОЮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ
# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИГРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПРОЦЕССЕ ПОДГОТОВКИ БУДУЩЕГО УЧИТЕЛЯ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА К ПРОФЕССИОНАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ РАБОТЕ
# THE USE OF GAMING TECHNOLOGIES IN THE PROCESS OF PREPARING A FUTURE FOREIGN LANGUAGE TEACHER FOR PROFESSIONAL AND PEDAGOGICAL WORK

**Кыскача мүнөздөмө.** Бул макалада биз мектепте чет тилдерин окутуу процессинде оюндарды колдонуунун ролун карап чыктык. Ар кандай методисттердин «оюн» түшүнүгүнүн аныктамалары берилген. Макалада мектепте англис тили сабагында колдонулуучу оюндардын ар кандай түрлөрү жана формалары сүрөттөлүп, максаттары, функциялары аныкталган, оюндун өтүшүнө таасир этүүчү факторлор тизмеленген жана